**2021-2022-окуу жылында кыргыз тили кафедрасы тарабынан жасалган студенттерге тарбия берүү иштеринин аткарылышы боюнча**
**ОТЧЕТУ**

| № | Иш-чаранын аталышы | Өткөрүлгөн ыкмасы | убактысы | жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Мамлекеттик тил майрамына карата “Кыргыз тили – кылымдардын тарыхы”** | 2021-жылдын 23-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия Мамлекеттик тил күнүнүн урматына И. Раззаков атындагы КМТУнун чоң жыйындар залында мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлердин, билим берүү мекемелеринин өкүлдөрүнүн, журналисттердин ж.б. катышуусунда кереге кеңеш өткөрдү.<br>Иш-чаранын соңунда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мусаев Сыртбай Жолдошевич мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана тил саясатын өркүндөтүүгө салым кошкондугу үчүн бир нече кызматкерлерге “Кыргыз тили” төш белгиси жана Ардак Грамоталарды тапшырды. Сыйлык алгандардын ичинде И. Раззаков атындагы КМТУнун Кыргыз тили кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент Жумагул кызы Айнура жана ушул эле кафедранын улук окутуучусу Осмон кызы Нургүл дагы АРДАК ГРАМОТА сыйланышты.<br>Ошондой эле, кереге кеңешке улай университетте Мамлекеттик тил күнүнө жана эгемендүүлүктүн 30 жылдыгына карата салтанаттуу кече өткөрүлдү. Салтанаттуу кечеде кыргыз тили кафедрасы тарабынан даярдалган Т. Абдымомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрынын актеру, режиссер Өмүрбек Израиловдун жардамы | сентябрь | Кафедранын бардык окутуучулары |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | менен университетибиздин 1-2-курсунун студенттеринин катышуусунда алгачкы агартуучу, коомдук ишмер К.Тыныстановдун өмүр жолун чагылдырылган **"Өмүр жана окунуч"** аттуу спектакли коюлду.<br>Андан соң Кыргыз тили кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы толугу менен жана Технология факультетинин студенттеринин катышуусунда **“Айкөл Манас”** хору менен салтанаттуу кече жыйынтыкталды.<br>Аткарылган ар бир номерлер коноктордун жана көрүүчүлөрдүн терең арзуусуна татыды. | | |
| 2 | **“Жаркын келечекке карай жол”аттуу улуттук форум** | 2021-жылдын 27- сентябрында Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына арналган "Жаркын келечекке жол" аталышындагы улуттук форум өткөрүлдү.<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын профессордук – окутуучулар курамы жана технология факултетинин студенттеринин аткаруусундагы **"Айкөл Манас"** аттуу хору аткарылды эң жогорку деңгээлде аткарылып, көрүүчүлөрдүн арзуусуна татыды. | сентябрь | Кафедранын бардык окутуучулары |
| 4 | **12-декабрь адабият күнүнө карата “Дили бар адамдын дили агарат, жан дүйнөнү бириктирет адабият” аттуу поэзия кечеси** | 2021-жылдын 13-декабрда Улуттук адабият күнүнө карата И.Раззаков атындагы КМТУнун Кыргыз тили кафедрасы жана Кыргыз Республикасынын Эл аралык **"Нурборбор" чыгармачылык академиясы** менен биргеликте **"Дили бир адамдын дили агарат, жан дүйнөнү бириктирет адабият " аттуу поэзия кечеси** болуп өттү.<br>Поэзия кечесинин өзгөчөлүгү – «Нурборбор» чыгармачылык академиясынын жаш акындарынын, КМТУнун кыргыз тили кафедрасынын жана 1-курстун жаш акын-студенттери менен бирдикте театрлаштырылган көркөмдүк деңгээли жогору, тилдик | декабрь | Кафедранын бардык окутуучулары |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | каражаттарга бай, ойго канык жалаң гана автордук ырлары окулду. Кечёнин биргелешип уюштурулушуна КРныш Эл аралык "Нурборбор" чыгармачылык академиясынын жетекчиси Н. Н. Маамытбаев жана академиянын мүчөлөрү көмөк көрсөтүштү. Ошондой эле кыргыз тили кафедрасынын жалпы профессордук-окутуучулук курамынын аткаруусундагы залкар жазуучу Ч. Айтматовдун калемине таандык «Ысык-Көлдү сагынуу» аттуу чыгармасы жалпы көрүүчүлөрдүн көңүл ордонунун тереңинен орун алды. Поэзия кечеси эң жогорку деңгээлде өткөрүлдү.<br>Көрүүчүлөр таланты ташкындаган жаш акындардын орошон ырларын угуп, чер жазып кетишти. | | |
| 5 | **“Элсиз тил бөлбойт, тилсиз эл болбойт” тематикасы боюнча (китептер, сүрөттөр, дубал гезиттер ж.б.) көргөзмө** | 21-февраль – бүткүл дүйнөлүк Эне тил күнүно крата кыргыз тили боюнча жаны чыккан китептердин көргөзмөсү уюштурулду. Кафедранын жамааты “Кыргыз даамы” аттуу чакан бурч уюштурушту. Кыргызча ырлар аткарылды. | 24.02.22. | Осмон кызы Н. Кыргыз тили кафедрасынын жамааты |
| 6 | **“Кылымга аты дал келген, кызыктуу юн сармерден” аттуу факультеттер арасында таймаш** | “Мурас” командасы менен “Ак шумкар” командасынын ортосунда оюн-зоок таймашы болуп өттү. | 17.03.22 | Кафедранын бардык окутуучулары |
| 7 | **“Аталардын эрдиги эстен кетпейт” жеңиш күнүиө карата көркөм окуу уюштуруу** | Социалдык баракчаларга Жеңиш күнүнө карата видео-түрмөк жүктөө. | 7.05.22 | Кафедранын бардык окутуучулары |
| 8 | **“Кара сөздүн чебери” Т.Сыдыкбековдун 110 жылдыгына карата** | Студенттер арасында дил баян жаздыруу | 18.05.22 | Кафедранын бардык окутуучулары |

Ошондой эле КР билим берүү жана илим министрлиги тарабынан И. Ахунбаев атындагы КММАда “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил жөнүндө” мыйзамынын кабыл алгандыгынын 32 жылдыгына карата жарыяланган айлыктын жыйынтыктоочу салтанаттуу иш чарасы болуп өттү.

Иш чаранын жүрүшүндө И. Раззаков атындагы КМТУнун Кыргыз тили кафедрасынын башчысы ф.и.к., доцент Жумагул кызы Айнура жигердүү катышкандыгы үчүн

**ЫРААЗЫЧЫЛЫК КАТ** жана аталган кафедранын окутуучулары **“Окурмандын китеп текчеси” китеп сериясы** менен сыйланышты

Андан сырткары кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү, кыргыз жазма адабиятынын баштоочуларышын бири, акын, драматург, мамлекеттик жана коомдук ишмер, биринчи кыргыз профессору Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия март айынан август айына чейин 5 айлык жарыялаган. Сабаттуулукка багытталган акциянын катышуучулары онлайн жана өфлайн түрүндө ар кандай багыттагы илимий, интеллектуалдык, маданий ж.б. иш-чараларды откорүп, таанытуучу, маалымат берүүчү эмгектерди жасап жана аткарылган иштер социалдык тармактар аркылуу кеңири жайылтылып жатты. Белгилей кетчү жагдай, беш айлыкка өлкөнүн бардык аймагынан катышын, жалпы 3000ге чукул ар кандай иштер аткарылган. Акциянын натыйжасында интернет мейкиндиги К.Тыныстанов тууралуу ар кыл маалыматка байыды.

Катышуучулардын билдирмелерин кабыл алуу 1-сентябрда токтотулган. Комиссия эмгектерди кылдат карап чыгын, жигердүү катышкан жана өзгөчө эмгек жасагандарды төмөндөгүдөй аныктады:

Мыкты деп табылган эмгектердин ичинде К. Тыныстановдун өмүрү жана чыгармачылыгы боюнча коюлган **“Өмүр жана өкүнүч” спектакли үчүн** И. Раззаков атындагы КМТУнун Кыргыз тили кафедрасы КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын **ДИПЛОМУ** менен сыйланды.

**Жооптуу окутуучу** **Ы. А. Шаршенова**